# Туркия стипендиялары

TÜRKİYE SCHOLARSHIPS BURSLARI

/ turkiyeburslari

TÜRKİYE SCHOLARSHIPS BURSLARI

# 01
## ТҮРКИЯ СТИПЕНДИЯЛАРЫ


**Түркия стипендиялары сандар менен** 06

**Стипендия мүмкүнчүлүктөрү** 08

**Стипендия программалары** 09

Колледж, техникум, кесиптик билим берүү стипендия программалары

Бакалаврдык стипендия программасы

программалары

Кыска мөөнөттүк программалар


# 02
## ТАЛАПКЕРЛЕР


**Тапшыруу** 12

**Керектүү документтер** 13

**Тапшыруу шарттары** 14

**Талапкерлерди тандоо мөөнөтү** 15

**Мектепшүү этабын баалоо критерийлери** 15



# МАЗМУНУ

## 03
## УЧУРДАГЫ СТУДЕНТТЕР


Жаңы студенттер үчүн жол көрсөткүч 16
Түрк тили даярдоо курсу 17
Стипендиялык иш-аракеттери 17
Маданий жана академиялык өнүгүү 18
Эл аралык студенттер академиясы 18
Тажрыйба топтоо мүмкүнчүлүктөрү 18
Эл аралык студенттердин илимий конгресси программасы 19
Эл аралык студенттердин сыйлыктары программасы 19


## 04
## БҮТҮРҮҮЧҮЛӨР


Эл аралык студенттердин окуу жайды бүтүрүү аземи 20
Бүтүрүүчү желеси 21
Бүтүрүүчүлөрдүн коомдору 21


## 05
## ТАПШЫРУУ УБАКТЫСЫ

Түркия стипендиялары программасы – бул дүйнөнүн ар кайсы жериндеги ийгиликтүү студенттер менен изилдөөчүлөргө түркиянын мыкты университеттеринде толук же кыска мөөнөттүү программаларда окууга мүмкүнчүлүк берүүчү, мамлекет тарабынан колдоого алынган стипендиялык программа.



Түркия стипендиялары программасы билимдин бардык баскычтарында квалификациялуу эл аралык студенттерге окуу стипендиясын гана бербестен, ошол эле учурда бул студенттердин университетке даярдануу жана жайгаштыруу процесстерин дагы камтыйт.



# ТҮРКИЯ СТИПЕНДИЯЛАРЫ ПРОГРАММАСЫ САНДАР МЕНЕН



Учурда 15 миңден ашык студентке стипендия берилип жатат

Жыл сайын 5 миң жаңы студентке стипендиялык орун берилет

Стипендия тарабынан берилген мүмкүнчүлүктөр:

- ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДАГЫ БӨЛҮМДӨРГӨ ЖАЙГАШТЫРУУ
- АЙЛЫК СТИПЕНДИЯ
- УНИВЕРСИТЕТ ТӨЛӨМДӨРҮ
- ТҮРКЧӨ ТИЛ КУРСУ

# Жалпы маалыматтар



Дүйнө жүзүндө бүгүнкүгө чейин 150 миң киши бул стипендия менен окуган.

Түркия стипендиялары программасына дүйнөнүн ар кайсы аймактарынан жыл сайын болжол менен 125 миң талапкер тапшыарт.

100 гө жакын өлкөдө Түркия стипендияларынын маектешүү сынагы өтөт.

МЕДИЦИНАЛЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУ

ЖАТАКАНА

БИР ТАРАПКА УЧАК БИЛЕТИ

МАДАНИЙ-АКАДЕМИЯЛЫК ПРОГРАММАЛАР

# СТИПЕНДИЯ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

**Жогорку окуу жайлардын бөлүмдөрүнө жайгаштыруу**

**Айлык стипендия**

| | |
|---|---|
| Бакалавр жана кесиптик билим берүү үчүн **4.500** түрк лирасы | Магистратура **6.500** түрк лирасы |
| Докторантура **9.000** түрк лирасы | Илимий изилдөө стипендиясы айлык **25.000** түрк лирасы * |

Университет төлөмү

Түрк тили курсу (1 жыл)

Медициналык камсыздандыруу

Жатакана

Бир жолу окууга келе жатканда жана бүтүрүүчү болгондо учак билети алынат

Университет билиминден тышкары студенттерге маданий жана кесиптик өнүгүүлөрүн колдоо программалары:

- МАДАНИЙ ИШ-ЧАРАЛАР
- ТАЖРЫЙБА ТОПТОО МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ
- УНИВЕРСИТЕТ ЖАНА КООМДУК БИРИКМЕЛЕР МЕНЕН БИРГЕЛЕШКЕН СЕМИНАРДЫК ПРОГРАММАЛАР

* Изилдөө стипендиясы болгону айлык стипендия менен чектелет.

# Стипендия программалары

Түркия стипендиялары-артыкчылыктуу билим алууну алдыңкы планга коюу менен бирге ар бир деңгээлге, аймакка жана өлкөгө ылайыкталган бир нече программаны сунуштайт. Талапкерлер Түркия стипендиялары маалымдоо интернет баракчасынан (TBBS) университет жана академиялык программалардын нускамаларын көрө алышат.

## колледж стипендия программалары

Эки жылдык колледж программалары студенттерге кесиптик билим жана көндүмдөрдү окутуп, алардын карьерасына багыт берүү мүмкүнчүлүгүн сунуштайт. Бардык бөлүмдөрдү жана университеттерди көрүү үчүн биздин веб-сайтка кириңиз.

## Бакалаврдык стипендия программасы

Бакалаврдык стипендия программасы бакалавр деңгээлиндеги талапкерлер үчүн атайын иштелип чыккан программа болуп эсептелет. Инженериядан медицина илимдерине, гуманитардык илимдерден социалдык илимдерге чейин белгиленген ар түрдүү темаларга жана сабактарга кызыккан талапкерлер бул программага тапшыра алышат. Бардык университет жана бөлүмдөр менен толук таанышуу үчүн биздин веб сайтка кириңиз.

## Магистратура жана докторантура деңгээлиндеги программалар

Түркиянын көрүнүктүү университеттеринде социалдык илимдер, гуманитардык илимдер, табигый илимдер жана инженерия тармактары боюнча магистратура жана докторантура деңгээлинде ар түрдүү программалар сунушталат. Бардык университет жана бөлүмдөр менен толук таанышуу үчүн биздин веб сайтка кириңиз.

## Жогорку жетишкендиктер үчүн стипендия программасы

Жогорку жетишкендиктер үчүн стипендия программасы алкагында стипендияга ээ болгон студенттер үчүн айлык стипендия өлчөмүнөн 2 эсе көп төлөнөт. Бул программа Түркия стипендиясы менен окуган студенттер үчүн жана жаңы талапкерлер үчүн да берилет. Бул программанын талаптары тууралуу кенен маалымат алуу үчүн биздин веб сайтка кириниз



# КЫСКА МӨӨНӨТТҮК ПРОГРАММАЛАР

## Жетишкендик стипендия программасы

Бул программа учурда Түркия университеттеринде өз мүмкүнчүлүктөрү менен окуп жаткан жана академиялык өзгөчө жетишкендиктерге ээ болгон студенттер үчүн түзүлгөн программа. Жетишкендик стипендиясы программасы айлык чөнтөк чыгымдарын камтыйт.

## Илимий изилдөө стипендия программасы

Илимий изилдөө гранттык программасы – эл аралык изилдөөчүлөрдүн жана академиктердин Түркиянын эң көрүнүктүү университеттеринде түрк академиктери менен биргеликте өз тармагына байланышкан илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүсүн колдоого багытталган программа болуп саналат. Бул программага доктордук билим алган же болбосо доктордук диссертациясын жазып жаткан талапкерлер арыз бере алышат.



## УНУТПАҢЫЗ

**Кээ бир бөлүмдөр жана программалар үчүн кошумча критерийлер болушу мүмкүн. Бул кошумча критерийлер жана талаптар тууралуу кененирээк маалымат алуу үчүн тиешелүү бөлүмдөрдүн веб-сайттарын жана онлайн тапшыруу баракчасын текшериңиз.**

# Талапкерлер

## Тапшыруу

Түркия стипендияларына тапшыруу иштери интернеттен акысыз жүргүзүлөт. Талапкерлер төмөнкү шилтеме менен каттала алышат.

**www.turkiyeburslari.gov.tr**

же

**www.turkiyescholarships.gov.tr**

- Түркия стипендиялары программасына тапшыруу убактысы, программанын расмий интернет баракчасы аркылуу маалымдалат.
- Каттоо түрк, арап, аңглис, перс, француз, орус, боснак жана испан тилдеринде жалпысынан 8 тилде жүргүзүлөт.

# Керектүү маалыматтар

Интернет аркылуу тапшырган талапкерлер төмөндөгү документтерду көрсөтүүлөрү керек:

- Жеткиликтүү жеке күбөлүк/ID карта, жеткиликтүү паспорт
- Жаңы түшкөн сүрөт
- Мемлекеттик экзамендердин жыйынтыктары (бар болсо)
- Диплом же дипломдун ордуна убактылуу өтүмдүүлүгү болгон документ
- Академиялык баалар (транскрипт)
- Эл аралык сынактардын жыйынтыктары (тапшырган программа талап кылган болсо GRE, GMAT. ж.б.)
- Тил сынактарынын жыйынтыктары (тапшырган программа талап кылган учурда)
- Илимий изилдөөсү тууралуу жазылуу сунуш материал (докторантура талапкерлери үчүн гана)



# ТАПШЫРУУ ШАРТТАРЫ

- Минималдык академиялык ийгиликтеринин деңгээли:
- Бакалавр программаларына тапшырган талапкерлер үчүн 70%
  - Медицина багыты (жалпы медицина, тиш докторлугу жана аптекалык бөлүмдөр) үчүн 90 %
  - Магистратура жана докторантура программалары үчүн 75%
- Минималдык жаш чеги:
  - Колледж программасы үчүн 21 жашка чейин
  - Бакалавр программалары үчүн: 21 жашка чейин
  - Магистратура программалары үчүн: 30 жашка чейин
  - Докторантура программалары үчүн: 35 жашка чейин
  - Илимий изилдөө программалары үчүн: 50 жашка чейин болуусу шарт.

## УНУТПАҢЫЗ

- **Учурда Түркияда билим алып жаткан студенттер жаңыдан стипендия программаларына каттоо жасай алышпайт.**
- **Кыска мөөнөттүк стипендияга тапшырууда кошумча арыз берүү керек болушу мүмкүн.**
- **Сураныч, программаларга тапшыруу учурунда керектүү шарттарды текшерип туруңуз.**
- **Медицина багытындагы адистик программалар бул стипендиялык программанын ичинде камтылган эмес.**

# ТАЛАПКЕРЛЕРДИ ТАНДОО МӨӨНӨТҮ

Түркия стипендияларына тапшырган талапкерлердин академиялык жетишкендиктери, сабактарынан тышкары коомдук иш-чара жана башка кесиптик жеткиликтүүлүктөрүнө байланышкан шарттар менен бааланышат.

## 1 Биринчи баалоо этабы

Бардык каттоолор негизги критерийлер менен каралат. Алар: минималдуу академиялык баа, жаш курак чеги жана керектүү документтер.

## 2 Экинчи баалоо этабы

Адистер комитети тарабынан ылайыктуу талапкерлер академиялык абалы, мурунку жетишкендиктери, академиялык пландары, карьералык максаттары, университет тандоолорунун дал келүүсү, шыктандыруучу каттын мазмуну, түшүнүктүүлүгү жана коомдук иш-чараларга катышуусу сыяктуу критерийлердин негизинде тыкыр каралат. Бул этаптан кийин маектешүү процесси үчүн татыктуу талапкерлердин акыркы тизмеси түзүлөт.

## 3 Маектешүү этабы

100 дөн ашык өлкөдөн тандалып, акыркы тизмеге киргизилген талапкерлер академик жана адистерден турган маектешүү комитети тарабынан бааланат.

### Маектешүү этабы кандай жүргүзүлөт?

Комитет тарабынан ылайыктуу деп табылган талапкерлер өз өлкөлөрүндө өткөрүлүүчү маектешүүгө чакырылат. Кээ бир учурларда талапкерлер менен интернет же телефон аркылуу маек жүргүзүлөт. Маектешүү комитети, адатта, эң аз бир Түркия стипендиясы өкүлүнөн жана түрк университеттеринен келген академиялык кызматкерден турат. 15-30 мүнөткө созулган маектешүү төмөнкү форматта жүргүзүлөт:

- Саламдашуу жана киришүү
- Документтерди текшерүү
- Талапкердин тапшыруу максатын аныктоо
- Талапкерлердин академиялык билим жана карьералык максаттарын аныктоо
- Жыйынтыктоо жана талапкердин комитетке суроо берүү мүмкүнчүлүгү

## 4 ТАНДОО ЭТАБЫ

Маектешүү комитети тарабынан талапкер катары бааланган талапкерлердин маектешүү жыйынтыктары, тандоо комитети тарабынан бааланып, стипендия алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон талапкерлердин тизмеси түзүлөт.

## 5 КАБЫЛ АЛУУ

Маектешүүдөн ийгиликтүү өтүп, стипендия мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон талапкерлерге Түркия стипендиялары маалымат системасы (TBBS) аркылуу жана электрондук почта аркылуу кабыл алуу каттары жөнөтүлөт жана стипендия процессине байланыштуу маалымат берилет. Талапкерлер Түркияга келүүдөн мурун стипендия үчүн тил кат жазышат.

## Жаңы студенттерге жол көрсөтмө

Түркия стипендиялары студенттери Түркияга келүүдөн мурун жана келгенден кийин аткарышы керек болгон иш-чаралар жана жалпы маалыматтарды камтыган жаңы студенттер үчүн жол көрсөтмөсүн **www.turkiyeburslari.gov.tr** дарегинен ала аласыз.

## Түркчө даярдоо курсу

### Түркия стипендиялары алкагында жогорку билим алууга мүмкүнчүлүк алган студенттер арасында түркчө билбегендерге 1 жыл бою акысыз түркчө даярдык курсу берилет.

Түркчө даярдык курсу, жалгыз түркчө окутулган бөлүм жана программалар үчүн эмес, англисче жана башка чет тилдерде окутулган бөлүм жана программаларга орношкон жана түркчө билбеген бардык студенттер үчүн милдеттүү окутулат. Түркчө даярдык курсу, студенттердин университетте билим ала турган шаарларда жайгашкан Түркчө окутуу борборлорунда (ТӨМЕР) өтүлөт. 8 айга созулган жана июнь айында аякталган түркчө даярдык курсу соңунда студенттердин C1 деңгээлинде түрк тилин жеткиликтүү билет деген сертификатка ээ болуусу керек.

## Стипендиялык иш-аракеттер

Түркия стипендиялары студенттеринин стипендияга байланышкан иштери Чет элдик түрктөр жана тектеш коомчулуктар башкармачылыгы (Yurtdışı Türkler ve Akraba Topluluklar Başkanlığı (YTB)) тарабынан жүргүзүлөт. Мунун алкагында студенттер үчүн:

- Айлык стипендия
- Банк кызматтары
- Медициналык камсыздандыруу
- Уруксаат иштери
- Академиялык көзөмөлдөө иштери каралат

## Маданий-академиялык өнүгүү программасы:

Эл аралык студенттердин коомдук, маданий жана академиялык өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүү максатында Түркия стипендиялары алкагында көптөгөн иш-чаралар жана долбоорлор өткөрүлүп келет.

## Эл аралык студенттер академиясы

Башкармалыгыбыздын колдоосу менен Түркияда жогорку билим алган, айрыкча Түркия стипендиясы менен окуп жаткан эл аралык студенттердин социалдык, маданий жана академиялык өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүү; жарандык коом, маданият, медиа сыяктуу тармактарда маалыматты жана түшүнүктү арттыруу, студенттерди Түрк маданияты жана Түркиянын глобалдык визиясы тууралуу маалымдоо максатында 17 шаарда, ар кандай жарандык коом уюмдары жана изилдөө борборлору менен координацияланган билим берүү программалары өткөрүлүп келет.

## Тажрыйба топтоо программалары

Эл аралык студенттер тажрыйба топтоо программасы чет элдик студенттерге кесиптик тажрыйба топтоого жардам берүү үчүн ар түрдүү шаарларда жай айларында уюштурулуп келет. Бул программа 2021-жылдан тартып Түркия стипендиялары программасы менен билим алып жаткан студенттердин жайкы каникул учурунда мамлекеттик жана жеке тармактарда кыска мөөнөттүү тажрыйба топтоолоруна мүмкүнчүлүк түзүп келет.

## Эл аралык студенттердин илимий конгресси программасы

Бул программа Түркия стипендиялары программасы менен окуп жаткан магистрдик жана докторлук деңгээлдеги студенттердин илимий потенциалын өнүктүрүүгө жана аларды илимий иштерди жаратууга шыктандырууга багытталат. Конгрессте коомдук жана гуманитардык илимдер, табигый илимдер жана инженердик илимдер, саламаттыкты сактоо илимдери жана конгресстин атайын темасына арналган кабыл алынат.

## Эл аралык студенттердин сыйлыктары программасы

Бул сыйлык программасынын негизги максаты – Түркияда окуп жаткан чет элдик студенттердин өз таланттарын, билимдерин жана идеяларын көрсөтүүсүнө жана алардын чыгармачылык иштерин баалоого жардам берүү. Бул сыйлыктар ар кандай багыттарда (маданият, адабият, медиа, долбоорлор) тапшырылат жана жеңүүчүлөрдүн карьерасын өнүктүрүүгө колдоо көрсөтөт.

# БҮТҮРҮҮЧҮЛӨР

## Эл аралык студенттердин окуу жайды бүтүрүү аземи

Бул программа 2012-жылдан бери Түркия стипендиялары программасынын курулуусу менен катар жыл сайын өткөрүлүп келет. Бул программа Түркияда билим алуу мөөнөтүн аяктап, Түркия бүтүрүүчүлөрү тобуна кошулган студенттерди бир жерге топтогон иш-чара болуп саналат.



# Бүтүрүүчү желеси (тармак чөйрөсү)

Биз Түркия стипендиялары катары, биздин бүтүрүүчүлөр менен туруктуу мамилелерди түзүүнүн маанилүүлүгүн түшүнүү менен ар түрдүү иш-чаралар аркылуу Түркиянын бүтүрүүчүлөрү менен экономикалык, саясий, маданий жана академиялык байланышты улантууну максат кылабыз. Түркия стипендияларынын 184 өлкөдө жалпысынан 150 миңдей мүчөдөн турган бүтүрүүчүлөрдүн коомчулугу бар. Бүтүрүүчүлөр менен байланыштарыбызды күчөтүү максатында, 50дөн ашык өлкөдө 100 гө жакын бүтүрүүчүлөрдүн жолугушуулары уюштурулган.
Ушул алкактын негизинде, бүтүрүүчүлөр ассоциацияларын түзүүгө багытталган долбоорлор жана бүтүрүүчүлөрүбүз үчүн башка уюштурууучулук иш-чаралары дүйнөнүн бардык жеринде колдоого алынууда.

# Бүтүрүүчү коомдору

Түркиянын бүтүрүүчүлөрү менен туруктуу байланыш орнотуу үчүн көптөгөн өлкөлөрдө бүтүрүүчүлөр тарабынан волонтердук бүтүрүүчүлөрдүн ассоциациялары түзүлдү. Бул мүмкүнчүлүк аркылуу Түркиянын бүтүрүүчүлөрү, өз ара жана Түркия менен түзүлгөн институтционалдык байланыштарды камсыз кылууда. Дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндөгү бүтүрүүчүлөрдүн ассоциациялары аркылуу, Түркия стипендиялары программасы менен окуп бүтүргөн студенттер академиялык жана социалдык байланыштарын улантып, башка жаштарга Түркиянын билим берүү мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат берип келишет.

TÜRKİYE MEZUNLARI

Түркиянын бүтүрүүчүлөрү тууралуу маалымат алуу үчүн:
**www.turkiyemezunlari.gov.tr**

# ТАПШЫРУУ УБАКТЫСЫ

| БАКАЛАВР, МАГИСТРАТУРА ЖАНА ДОКТОРАНТУРА ПРОГРАММАДАРЫ ҮЧҮН | |
|---|---|
| **Иш-аракеттер** | **Убактысы** |
| Тапшыруу мөөнөтү | 10- январдан 20-февралга чейин |
| Баалоо мөөнөтү | Март, апрель, май айлары |
| Маектешүү мөөнөтү | Июнь, июль айлары |
| Жыйынтыктардын жарыялануусу | Август |
| тил кат жана визага тапшыруу мөөнөтү | Август |
| Студенттердин Түркияга келиши жана окуу жылынын башталышы* | окуу жылынын башталышы |

*Тандалган талапкерлер, тапшыруунун жыйынтыктарын жай айларында ала турганын эске алышы керек жана Түркияга сапарга чыгаардан мурун бүтүрүүчүлүк күбөлүктөрү жана дипломдорун алуу үчүн өз өлкөлөрүндө тиешелүү даярдыктарды көрүшү керек.

| Илимий изилдөө стипендиялары | |
|---|---|
| **Иш-аракеттер** | **Убактысы** |
| 1-семестр үчүн тапшыруу | 1-январдан 31-мартка чейин |
| 1-семестр үчүн тапшыруунун жыйынтыктары | Апрель |
| 2-семестр үчүн тапшыруу | 1-апрелден 31-июнга чейин |
| 2-семестр үчүн тапшыруунун жыйынтыктары | Июль айы |
| 3-семестр үчүн тапшыруу | 1-июлдан 30 сентябрга чейин |
| 3-семестр үчүн тапшыруунун жыйынтыктары | Октябрь айы |
| 4-семестр үчүн тапшыруу | 1-октябрдан 31-декабрга чейин |
| 4-семестр үчүн тапшыруунун жыйынтыктары | Январь айы |

| Жетишкендик стипендиясы | |
|---|---|
| **Иш-аракеттер** | **Убактысы** |
| Тапшыруу убактысы | Октябрь, |
| Баалоо мөөнөтү | Ноябрь, декабрь айлары |
| Жыйынтыктардын жарыялануусу | Декабрь айы |

Стипендия программалары жана бул программаларга кантип тапшыруу керектиги жөнүндө кененирээк маалымат алуу үчүн төмөнкү даректерге  кириңиз.:

**www.turkiyeburslari.gov.tr**
**www.turkiyescholarships.gov.tr**

Байланыш борбору аркылуу бизге чалуу үчүн:

**0850 455 0982**

Суроолоруңуз үчүн:

**info@turkiyeburslari.gov.tr**

# Туркия стипендиялары

www.turkiyescholarships.gov.tr